## ТАМЕКИ ТАРТУУНУ ТАШТОО БОЮНЧА СТРАТЕГИЯ

эки башкы ыкмадан турат:

1. Популяциялык – тамеки тартууну таштоого мотивацияны түзүү жана күчөтүү үчүн калктын кеңири катмарына багытталат.
2. Жекече (топтук) – жекече деңгээлде мотивацияны түзүүгө жана мотивацияланган керектөөчүлөргө тамеки таштоого жардам берүүгө багытталат.

### *Калктын кеңири чөйрөсүнө багытталган ыкмалар*

1) Тамеки буюмдарына салыкты 10%га көтөрүү тамеки буюмдардын жеткиликтүү болбой калгандыктан тамеки тарткандардын саны 8%га азаят. Тамеки буюмдарына **акциздик салыктын өлчөмүн жогорулатуу, алардын экономикалык жеткиликтүүлүгүн туруктуу азайтууну камсыз кылуу** максатында **тамеки буюмдарына баалардын өсүшү кирешелердин өсүшүнөн жана инфляциянын орточо өсүшүнөн жогору болууга тийиш**[44].

ДССУ ТКАК 6-беренесин жүзөгө ашыруунун жетекчи принциптери тамеки буюмдарына салыктын жана бааларынын көтөрүлүшүнө жооп катары керектөөчүлөрдү ошол эле категориядагы арзан буюмдарга же тамеки буюмдарынын арзан категориясына өтүү стимулдарын минимумга жеткирип, салык системасын түзүүнү сунуштайт.

### Бардык тамеки буюмдарына салыштырмалуу, өзгөчө ордун толтуруу тобокелдиги болгон учурда, салык салынышы керек

Чет өлкөлөрдүн (ошондой эле Кыргызстандын да) тажрыйбасы көрсөткөндөй, акциздик салыктын өлчөмү жана андан кийин чекене баасы көтөрүлгөндө, керектөөчүлөрдүн 1/3 бөлүгү арзан тамекилерге жана/же башка арзан тамеки буюмдарына өтүшөт. Бул тууралуу ачык мисал айтып турат:

- өспүрүм окуучулардын (балдардын да, кыздардын да) арасында тамеки тартуунун деңгээли 2004 жана 2008-жылдарга караганда 2014-жылы 2 эсеге төмөндөдү,
- 13-15 жаштагы кыз окуучулардын арасында насвай атуу 3 эсеге, балдар арасында 2,5 эсеге көбөйдү.

---

[44] –Техническое пособие ВОЗ. Администрирование табачных налогов. ВОЗ, Женева: 2013: 166с.;
– Overview of cigarette taxation.Информационное сообщение ВОЗ: Женева: 2013: 4с.;
– Disease control priorities in developing countries. Chapter 46.2nd Ed.The Word Bank, 2008. http://www.ncbi.nlm.gov/books/bv.fcgi?rid=dcp2.section.6734 ;
– Chaloupka F. Macro-Social influences: The Effects of prices and Tobacco Control Policies on the Demand for tobacco Products. Nicotine and Tobacco Research 1999;1(1):S105- S109; other price studies at http://tigger.uic.edu/~fjc/;
– Jha P Chaloupka F. Curbing the epidemic: governments and the economics of tobacco control. Washington, DC: World Bank, 1999. Available online at http://www1 worldbank.org/tobacco /cover2a.asp ;
– Экономические основы национальной политики и стратегии регулирования, контроля и сокращения потребления табачных изделий. Под руководством Академика Т. Койчуева,Бишкек: 2008:250с.;
– Информационный бюллетень, Бишкек: 31 мая 2014:7с.;
– Борьба против табака в действии. Статья 6. Ценовые и налоговые меры по сокращению спроса на табак. Практические примеры осуществления Рамочной конвенции ВОЗ по борьбе против табака в Европейском регионе, ЕВРО/ВОЗ, Копенгаген, Дания 2012: 15с. и другие.

***2) айланадагы тамекинин түтүнүнөн ден соолукту коргоо*** бардык коомдук жана жумуш бөлмөлөрдө, ошондой эле калкка кызмат көрсөткөн ачык коомдук жерлерде тамеки тартууга толук тыюу салуу популяциялык деңгээлде 5%дан 10%га чейин тамеки таштоого алып келет;

***3) тамекинин түз жана кыйыр жарнамасына, тамеки буюмдарын сатууга жана тамеки индустриясынын демөөрчүлүгүнө толук тыюу салуу*** тамеки тартуунун социалдык жагымдуулугун азайтып, тамеки буюмдарын, өзгөчө жаштар арасында керектөөнү азайтууга көмөктөшөт;

***4) тамеки тартууну таштоого багытталган калкты маалымдоо жана билимин жогорулатуу,*** өзгөчө жалпыга маалымдоо каражаттары жана башка коммуникация каналдары аркылуу популяциялык деңгээлде тамеки керектөөнү токтотуунун башкы ыкмаларынын бири болуп саналат.

## Тамеки тартууну токтотуу боюнча адистердин жардам көрсөтүүсүнө багытталган жеке ыкма

Кадрларды үзгүлтүксүз жана интенсивдүү даярдоо жакшы жыйынтыктарга жетишүү үчүн жеке да, популяциялык да деңгээлде тамеки керектөөнү токтотуу боюнча стратегияда негизги чара болуп эсептелет.

Өлкөнүн потенциалын түзүү өтө маанилүү, мисалы, тамеки тартууну таштоо боюнча акысыз телефон аркылуу жардам линиясы, тамекиге көз каранды болууну медикаментоздук дарылоо жана жүрүм-турумдук колдоо көрсөтүү үчүн адистештирилген кызмат. Ошондой эле саламаттык сактоонун жана билим берүүнүн баштапкы деңгээлинде (жалпы билим берүү мектептеринде) кыскача консультациялар пландуу түрдө жана дайыма өткөрүлүүгө тийиш.

Көп өлкөлөрдүн тажрыйбасы жана ДССУ маалыматы комплекстүү чараларды көрүү улуттук деңгээлде калк арасында тамеки тартуунун деңгээлин натыйжалуу төмөндөткөнүн көрсөтүп турат.

**8-табл. Тамеки тартууну таштоо боюнча чаралардын натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү**

| Тамекиге каршы күрөшүү боюнча негизги чаралар | Төмөндөө деңгээли |
|---|---|
| Тамеки буюмдарына салыктарды 10%га жогорулатуу тамеки тартуунун деңгээлин төмөндөтүүгө алып келет | 8%га чейин |
| Пассивдүү тамеки тартууга кабылууну төмөндөтүү | 5%дан 10%га чейин |
| ЖМК аркылуу маалыматтык өнөкөттүктөр, сынактар, популяциялык деңгээлдеги акциялар | Катышуучулар арасында 20%-25% |
| Жарнаманы жана тамеки буюмдарын сатууга түрткү берүүгө толук тыюу салуу | 4%дан 10%га чейин |
| Телефон аркылуу акысыз консультация жана жүрүм-турумдук колдоо | 5%дан 10%га чейин |
| Дарыгерлердин үзгүлтүксүз кыскача консультациялары | 5% популяциялык деңгээлде |
| Медикаментоздук дарылоо жүрүм-турумдук колдоо менен | Бейтаптар арасында 50% ашык |